УДК :91:330.15(575.2) (04)

**Жыпарбек кызы Нуркамал**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун экономикалык, социалдык жана саясий география кафедрасынын магистранты
**Жыпарбек кызы Нуркамал**
Магистрант кафедры социальной, экономической и политической географии КНУ им. Ж. Баласагына
**Zhyparbek kyzy Nurkamal**
Master's student at the Department of Social, Economic and Political Geography KNU them. J. Balasagyn

# НАРЫН ОБЛУСУНУН РЕКРЕАЦИЯЛЫК РЕСУРСТАРЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯЛЫК БААЛОО

# ЭКОНОМИКО-ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ОЦЕНКА РЕКРЕАЦИОННЫХ РЕСУРСОВ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ

# ECONOMIC AND GEOGRAPHICAL ASSESSMENT OF THE RECREATIONAL RESOURCES OF THE NARYN REGION

**Аннотация:** Акыркы жылдары рекреациялык ресурстарды колдонуу өтө кирешелүү тармактардын бири болуп калды. Туризмдин өнүгүүсү үчүн эң башкысы бузулбаган табият болуусу керек: Бирок туризм башка индустриялар сыяктуу эле, чөйрөгө көптөгөн зыяндарды алып келүүдө. Ошондуктан акыркы убактарда рекреациялык ресурстарды экономикалык, экологиялык жана коомчулуктун негизинде туруктуу өнүктүрүү жолдоруна өтүшүүдө. Ал эми, Кыргызстанда анын ичинде Нарын облусундагы рекреациялык ресурстар аркылуу дүйнө жүзүнө белгилүү болууга жана эн негизгиси өлкө экономикасына кирешелерди алып келүүдө мүмкүнчүлүгү бар. Анткени кыргыз эли, жери анын ичинде Нарын облусунун чет элдик туристтерди кызыктыруучу маданиятка, каада-салт, үрп адатка жана эч ким тие элек жаратылыш ресурстарына абдан бай. Нарын облусунун табияты адам ишмердигине көп дуушар боло электигине байланыштуу, бул жерде экотуризимди өнүктүрүү потенциалы күчтүү.

**Аннотация:** В последние года использование рекреационных ресурсов стало одним из самых быстрорастущих секторов в мире. Самое главное для развития туризма – это иметь нетронутую природу. Однако туризм, как и другие отрасли, наносит большой ущерб окружающей среде. Поэтому в последнее время они движутся к устойчивому экономическому, экологическому и общественному развитию рекреационных ресурсов. Кыргызстан имеет возможность стать известным миру через рекреационные ресурсы, в том числе в Нарынской области, и что наиболее важно, может повлиять на положительное развитие экономики страны. Поскольку у кыргызов земля, в том числе Нарынской области, очень богата и отличается культурой, традициями, обычаями и природным ресурсами, которых никто не трогал, что привлекает иностранных туристов.

**Abstract**: In recent years, the use of recreational resources has become one of the fastest growing sectors in the world. The most important thing for the development of tourism is to have an unspoiled nature. However, tourism, like other industries, causes great damage to the environment. Therefore, in recent years they have been moving towards sustainable economic, environmental and

community development of recreational resources. Kyrgyzstan has the opportunity to become known to the world through its recreational resources, including in the Naryn region, and, most importantly, to bring additional resources to the country's economy. Since the Kyrgyz land, including the Naryn region, is very rich in culture, traditions, customs and natural resources, which no one touched, which attracts foreign tourists.

**Негизги сөздөр**: рекреациялык ресурстар, өнүгүү, жаратылыш, мүмкүнчүлүктөр **Ключевые слова**: рекреационные ресурсы, развитие, природа, возможности**Key words:** recreational resources, development, possibility, natural.

Адамдар ар дайым саякатка чыгышкан. Байыркы римдиктер менен гректер түндүк Европага, табышмактуу Британ аралдарына жана Египетке жол куруу менен бирге, бул жерлер жөнүндө уламыштарды жана жомокторду жаратышкан. Байыркы адамдардын саякатка чыгууларынын негизинен 4 себеби болгон: экономикалык, спорт, дин, ден соолук.

Массалык туризм жана саякаттоо салты XVII- кылымда эле башталган. Бул убактарда адамдар деңиз жээктерине, атактуу шаарларга жана кызыктуу тарыхый жерлерге саякат жасашкан-бул болсо азыркы туризмдин тамыры болуп эсептелет. 1996-жылы туризмден түшкүн дүйнөлүк валюталык киреше 420 млн доллардан ашкан. Алардын ичинен Европа - 214,47 млн доллар., Америка-106,38 млн доллар, Чыгыш Азия-82,436 млн доллар., Африка-7,62 млн доллар., Жакынкы Чыгыш Азия-8,24 млн доллар, Түштүк Азия-3,9 млн доллар киреше пайда табышкан.[1,б36]

Ал эми макаламдын темасы боюнча Нарын облусунун рекрациялык ресурстарына, алардын азыркы учурдагы абалына баа берүү менен бирге, туризмдин өнүгүшүндөгү көйгөйлөр жана чечүү сунуштарымды бере кетүүнү туура көрдүм. Нарын облусу татаал рельефтүү тоолуу аймакта жайгашкандыктан рекреациялык ресурстарды калыптандыруунун табигый өбөлгөлөрү өтө чоң. Рельефтин татаалдыгына жараша эс алуучуларды өзүнө тарткан ландшафттын ар-түрдүүлүгү, тоо үстүндөгү кооз көлдөр, тоодон-тоого шаркырап аккан суулар жана шаркыратмалар, башка аймактарда кездешпеген жаныбарлар дүйнөсү, өсүмдүктөрү рельефтин татаалдыгынын натыйжасында келип чыкканы талашсыз. Аймактын өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү өтө ар түрдүү; абасын тазалап туруучу арчалар, Тянь-Шань карагайы ж.б. дары өсүмдүктөр; суусар, суур, карышкыр, бийик тоолорунда тоо эчки, аркар, илбирс ж.б.у.с. бөдөнө, торгой, бүркүт, улар, шумкар ж.б. канаттууларды кезиктирсек болот. Соң-Көл көлүн жана майда калмөлөрдөн ордон, манка каз ж.б. мекендейт. Облустун аймагында Нарын мамлекеттик жана Каратал Жапырык мамлекеттик коруктары уюшулган. Эң кооз деп саналган Салкын Төр эс алуу жайы, кылымдардан бери сакталып келе жаткан, миңдеген жылдардын тарыхын ичине каткан Таш-Рабат тарыхый комплекси жана Кошойдун коргону, эң кооз жана эң узун шаркыратмалар, көлдөр Нарын облусунун байлыктарынын чети гана.

Рекреациялык ресурстардын ар-бири тууралуу токтолуп кетүү мүмкүн эместей көрүнөт, ошентсе да дүйнөдөгү көптөгөн туристтерди өзүнө тарткан, ажайып кооз Соң-Көл көлү тууралуу маалымат берүүнү туура көрдүм.

Соң-Көл - каардуу бейиш. Кыргызстандагы көлдөрдүн көлөмү боюнча экинчи көл. Ал деңиз деңгээлинен 3016 м бийиктикте орун алган. Бул көлдүн 18 куймасы бар, алардын ичинен төртөө дайыма куюп турушат, көлдөн жалгыз гана Соң-Көл суусу агып чыгат. Соң- Көлдүн жаныбарлар дүйнөсү таптакыр башкача. Жайында бул жерде өрдөктөрдүн, чардактардын жана башка сууда сүзүүчү канаттуулардын ар кандай түрлөрү уялашат. Сентябрдын аягынан июндун ортосуна чейин көл муз болуп тоңуп турат. Муздун калыңдыгы 1,5 м ге чейин жетет.

Көл шалбаалуу (жайлоо) тоо түздүгүндө жайгашкан. Шалбаалар көлдүн жээктеринде табылган аска беттериндеги сүрөттөрдө көрсөтүлүп тургандай байыркы мезгилдерден бери жаныбарлар учун жайыт катары колдонулуп келет. Чабандар жай мезгилинде малдарын бул жерге алып келишип, үй-бүлөлөрү менен боз үйлөрдө (кыргыздардын кийизден жасалган салттуу турак-жайы) жашашат. Көлгө төрт башка жол менен барса болот. Бирөөсү Сары-Булак аркылуу түндүк-чыгыштан, экинчиси кыялуу жол аркылуу түштүк-батыштан, үчүнчүсү Ак Тал аркылуу туштук-батыштан жана төртүнчүсү Кара-Кече көмүр шахтасынын жанынан тундук-батыштан өтсө болот.

Соң-Көлдүн тунук, жалтыраган бети алыстан эле билинип турат. Суу тазалыгы жана серүүндүгү менен өзүнө тартып турат (жайында суунун температурасы -12°С ге чейин көтөрүлөт). Бул көл тоолуу алкактагы кымбат баалуу бермет сыяктуу. Айлана-чөйрөнүн кооздугунан кандайдыр бир эзелки жана сырдуу күч сезилип турат. Көлдүн жана анын аймагынын эч бир кол тийбеген кооздугу кайталангыс бир сүрөттү жаратат. Аба-ырайына байланыштуу Сон Көлдүн музу күн сайын ар кандай түскө айланып турат: кээ бирде көк, кээ бирде сары жана кочкул сары. Ошондуктан көлдүн да ар кандай көңүлү болот деген ишеним сезимдер келип чыгат.

Көлдүн жээктеринде бийик-бийик дарактар, карагайлар, арчалар өспөйт, бирок бул жерде Кызыл Китепке киргизилген эдельвейстердин түрлөрүн, мындан башка да гүлдөрдүн көп, жалтыраган, сейрек кездешүүчү түрлөрүн көрүү мүмкүн. Бул жер орнитологдордун мекени, анткени, алар бул жердеги өрдөктөрдүн 14 түрүн изилдешүүдө. Көлдүн жапайы жээктеринде жырткычтардын көптөгөн түрлөрү, илбирс, кызыл карышкыр жана түлкү сыяктуу жаныбарлар бар. Мына ушундай тоо үстүндөгү бейиш сымал кооз көлдү көрүү үчүн дүйнөнүн төрт бурчунан келген туристтердин саны барган сайын артып барат.[2, б67]

Акыркы он жылдыкта туризм тармагы укмуштуудай өзгөрүп жана дүйнө жүзүндө кызмат көрсөтүүчү ишкердиги боюнча ири тармак болуп баарыбызга таанылып отурат. Туризм – экономиканын бир тармагы, бул тармакта дүйнөлүк рынок деңгээлине чейин сапаттуу товарды өнүгүп келе жаткан мамлекеттер да көрсөтө алышат. Туризмдин туруктуу өнүгүүсү туризм менен байланышкан инфрастуктуралардын өнүгүүсүнө да тике таасир берип, жыйынтыгында, бардык аймактардын туруктуу социалдык-экономикалык жана экологиялык өнүгүүсүнө алып келет. Бул себептен, Нарын жергесинде туризмди өнүктүрүү максатында бир кыйла иштер жүрүп келет. Мисалга алсак, Нарын облусундагы тарыхый, маданий, архитектуралык жайлар "Foursquare" эл аралык картасына киргизилди. Бул тууралуу "Кабар" агенттигинде өткөн басма сөз жыйынында «www.turist.kg» сайтын иштеп чыккандардын бири Пьер Падюков билдирди.

Анын айтымында негизинен чет мамлекеттик туристик жайларынын карталары киргизилген.

«Европалыктардын Нарынга болгон кызыгуусу жыл сайын жогорулап жаткандыгын эске алып аны Foursquare картасына киргиздик»,- деп айтты П.Падюков.

Ал эми областка туристтердин келүүлөрүнүн саны дагы жыл санап өсүп жатканы абдан жагымдуу көрүнүш 2009-жылы областка чет жерден 1896 турист келген болсо, 2012 жылы бул көрсөткүч 4082 ке жеткен. Бул область үчүн аз көрсөткүч болсо да күндөн күнгө өнүгүп жатканынан кабар берет.

**Таблица 1. Жалпы туристердин саны**

| Жылдар | Чет өлкөдөн келген туристтер дин саны | Ички туристтердин саны |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **2009** | 1896 | 1979 |
| **2010** | 136 | 710 |
| **2011** | 3313 | 8805 |
| **2012** | 4082 | 13635 |

( www.stat.kg)

Кыргыз өкмөтү бүгүнкү күнгө чейин туризмди өнүктүрүү боюнча бир катар программаларды кабыл алган. Бирок, буга карабастан туризмди өнүктүрүү, жагымдуу чөйрөнү түзүү менен байланыштуу маселелер чечилбеген бойдон калууда. Азыркы учурда бир эле Нарын жергесинде эмес, бүтүндөй республикадагы рекреациялык ресурстардын максатка ылайык колдонулбай жатышынын жана эффективдүү өнүгүшүнө тоскоол болуп жаткан маселелер төмөнкүлөр:

Коопсуздук жана стабилдүүлүк проблемалары;

Туристтик инфраструктуранын начар өнүгүүсү:

Маркетингдик проблемалар:

Кыргызстандын анын ичинде Нарын обласынын жеткиликсиз болуусу;

Сезондун кыскалыгы;

Тийиштүү квалификациядагы адистердин жетишсиздиги;

Жагымсыз инвестициялык климат жана мыйзамдардын иштебей жатышы.

2014-жылдын 16-февраль айында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын областындагы өкүлдөрүнүн кезектеги чогулушунда жергиликтүү туризмди өнүктүрүү боюнча маанилүү иштер айтылып өттү. Чогулушта 70 тен ашык киши катышып, бул Кеңештин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын областындагы өкүлү Аманбай Кайыпов башкарды.

Нарын область, Чүй областынан айырмаланып, туризмди өнүктүрүүгө абдан кызыкдар экендигин көрсөттү. Бул жыйынга Нарын областындагы туризм тармагында иштеген бардык жумушчулар келишти, ошондой эле туристтик индустриянын жергиликтүү өкүлдөрү, жалпы мамлекеттик өкүлдөр да өз ойлорун айтышты.

Чогулуштун жыйынтыгында 2014-жылга арналган төмөнкүдөй кызыктуу чараларды кабыл алышты:

- Нарын областына келүүдө туристтик картанын болушу;
- «Кыргыз шырдагы» жана «Кымыз майрамы» жарманкелерин мамлекеттик жана аймактык, чет мамлекеттерге таанытуучу деңгээлде өткөрүү жана өнүктүрүү;
- Нарын областына гана тиешелүү болгон туристтик ассоциациясын куруу;
- Нарын областында туристтердин коопсуздугун камсыздоо чараларын дагы өнүктүрүү;[4]

Облустун рекреациялык ресурстарын өнүктүрүү максатында бир канча иштер жазылуусу шарт. Эң башкысы инфраструктура, жеткиликтүү жарнама ж.б көптөгөн маселелерди чечүү казынага барып такалат.

Бүгүнкү күндөгү абалга байланыштуу менин туризмди өнүктүрүү максатында жеке сунушум төмөнкүчө. Албетте баардык шарты бар чоң шаарлардан келген туристерди тарта алчу Нарындын мүмкүнчүлүктөрү бар, жогоруда санап өткөн кооз-кооз жерлери, жайлоолору, көлдөрү менен бирге айыл туризими менен той туризимин сунуштап өзгөчө, эсте каларлык эс алуу сунуштай алат.

Айыл туризими- бул ар-бир айылда жашаган айылдык тургун өзүнүн күнүмдүк жашоо турмушун (дыйканчылыктын, мал багуусун ж.б) көрсөтүү менен каражат табуу мүмкүнчүлүгү.

Бүгүнкү күндө Венгриядагы фермерлердин 40 ашык пайызы туристерге ар кандай кызматтарды көрсөтүү менен айыл туризимин өнүктүрүүшүдө.[3,б 14]

Жогоруда айтылган той туризими ар-бир айылда өтүүчү тойлорду болушунча кыргыздын салт-санаасы менен өткөрүп туристерге бул тойлорго катышуу мүмкүнчүлүгүн берүү. Тойлордо кыргыздын нукура тамактары жазалып, оюндары ойнотулуп, бешик той, тушоо той сыяктуу тойлорубуздагы ырым жырымдарды көрсөтүп эле койбой, мааниси түшүндүрүлүп берилсе Кыргыздын улуу эл экенин дүйнө жүзүнө айгинелей алмакпыз.

Албетте ар бирибиздин жүрөгүбүздө Кыргызстан өнүгөт деген ой жашайт, бул нерсени тиги кишиден же бул кишиден күтбөздөн, өзүбүз баштайлы.

**Колдонулган адабияттар:**


1.Дудашвили С.Д. (2004) «Туристичиские ресурсы Кыргызстана». Окуу китеби.Бишкек.

2.Атышов К. Турдумамбетов Б. «Экотуризм». Окуу китеби.2004.

3.Жыргалбеков Т.Ж. «Кыргызстандын туризиминин негиздери».Окуукитеби.

4.http://deptourism.gov.kg/categorv/news/page/2/15/04/2014


**Рецензент: геог.и.к., доцент Оморов И.О.**